КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

АК-БУЛУҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
721801 Ак-Булуна.Торгоев кочосу. 7
ИНН 00101197410057
р\с № 29017238210040
Ак-Суу КРБ,4404011251000160
Коду 70111
РСК банк ААК Теплоключенка филиалы
E-mail :akbulun.ao@mail.ru
Факс (3948)60567

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АК-БУЛУНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
721801 с Ак-Булун ул.Торгоева 7
ИНН 00101197410040
р\с № 29017238210040
Теплоключенская ФОАО "РСК Банк"
код70111
Ак-Суйский РОК,440401125100060
E-mail : akbulun.ao@mail.ru

**Ак-Булуң айыл аймактык кеңешинин XXVIII - чакырылышынын кезектеги чакырылган 39-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2024-жылдын 25-январы № 46** **Ак-Булуң а.**

**Ак-Булуң айыл аймагындагы Ак-Булак айылынын тургуну маркум Муктар Тулебаевдин атын, Ак-Булак айылындагы аты жок көчөгө ыйгаруу жөнүндө**

Ак-Булак айылынын тургуну Түлөбаев Аскатбектин кайрылуусун жана Ак-Булак айылынын тургундарынын жыйынынын протоколун карап чыгып жана талкуулап, Ак-Булак сегиз жылдык орто мектебинде математика жана кол эмгек мугалими болуп эмгек жолун баштаган, 1988-жылы Ак-Булак орто мектебинде тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп, 1989-жылы окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 1990-жылы Ак-Булуң айылдык кеңешинин жооптуу катчысы жана депутаты болуп эмгектенген. Эмгек жолунда Кыргыз ССРнин элге билим берүү министрлигинен, Областык, райондук элге билим берүү тарабынан жана Профсоюз уюмунан ардак грамоталарын алган. 1989-жылы «Кыргыз ССРинин элге билим берүү отличниги» наамы ыйгарылган. 1984-жылы Кыргызстан коммунистик партиянын мүчөсү болгон Муктар агайдын коомдук иштерге кошкон салымын, жаш муундарга берген билим-тарбиясын, эмгегин баалап

Ак-Булуң айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Булак айылындагы жаңы ачылган аты жок көчөгө, Муктар Түлөбаевдин аты ыйгарылсын.

2. Аталган көчөнүн жыл сайын оңдоп-түзөө иштери, Муктар Тулөбаевдин балдарына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, айыл өкмөт башчысы Э. Торогелдиевке тапшырылсын.

**Төрага** **Алымжан уулу Исламбек**